*Мамрасулов К.М., Орозбаева Б.А.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЗЫК МЫЙЗАМДАРЫ БОЮНЧА ЖАШЫ ЖЕТПЕГЕНДЕРДИН КЫЛМЫШ ЖАЗА ЖООПКЕРЧИЛИГИНИН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Мамрасулов К.М., Орозбаева Б.А.*

# ОСОБЕННОСТИ УГОЛОВНОЙ ОТВЕТСТВЕННОСТИ НЕСОВЕРШЕННОЛЕТНИХ В СООТВЕТСТВИИ С УГОЛОВНЫМ ЗАКОНОДАТЕЛЬСТВОМ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*K.M. Mamrasulov, B.A. Orozbaeva*

# FEATURES OF CRIMINAL LIABILITY BY MINORS IN ACCORDANCE WITH THE CRIMINAL LEGISLATION OF THE KYRGYZ REPUBLIC

*УДК: 343.67/408 (575.2)*

*Макалада жашы жете электердин кылмыш-жаза жоопкерчилигинин өзгөчөлүктөрү анализге алынган. Жашы жетпегендердин кылмыштарынын өзгөчөлүктөрү алардын инсандык касиеттерине, дене-бой, психологиялык, этикалык жана укуктук багыталышына байланыштуу. Жашы жетпегендердин кылмыштарынын айырмалап көрсөтүүчү өзгөчөлүктөрүнүн бири жазык мыйзамы менен корголуучу коомдук мамилелерге ар кыл ургаалдыкта жана тереңдикте таасир көрсөткөндүгүнөн көрүнөт. Биринчиден жазык жоопкерчилигинин жана жазанын юридикалык чегин аныктоодо жашы жетпегендердин жаш өзгөчөлүктөрү эске алынат. Жашы жетпегендердин жазык жоопкерчилигинин социалдык-психологиялык аспекти калыптанып бара жатканын сан өзүнүн өсүүсүнүн кайсы этабында жазык мыйзамынын көз карашынан алганда жоопкерчиликтин ал түрүн алып жүрүүгө жөндөмдүү болоорун тактоону болжолдойт. Психологиялык көз караштан алганда жазык жоопкерчилиги жеке аң-сезимдин, инсандын психологиялык жетилүүсүнүн белгилүү бир деңгээлин чагылдырат жана ошондуктан инсандын жоопкерчилигин тарбиялоонун курамдык бөлүгү болуп саналат. Кылмыш жасаган жашы жетпегендердин жазык жоопкерчилиги, жазалоо азыркы шарттарда өсүп келе жаткан муундун чөйрөсүндө кылмыштуулук менен күрөшүүнүн зарыл звенолорунун бири болот.*

***Негизги сөздөр:** жаза, жоопкерчилик, укук, мыйзам, Конституция, кылмыш-жаза, жоопкерчилик, кылмыш.*

*В данной статье анализируются особенности уголовной ответственности несовершеннолетних. Особенности преступлений несовершеннолетних определяются их личностными качествами, в связи с физической, психологической, этической и правовой направленностью. Отличительной особенностью преступлений несовершеннолетних является то, что они оказывают разностороннее и глубокое воздействие на охраняемые уголовным законом общественные отношения. Во-первых, при определении юридического предела уголовной ответственности и наказания учитываются возрастные особенности несовершеннолетних. Число социально-психологических аспектов уголовной ответственности несовершеннолетних предполагает, на каком этапе своего развития они способны нести этот вид ответственности с точки зрения уголовного законодательства. С психологической точки зрения уголовная ответственность отражает определенный уровень физического сознания, психологического созревания личности и, следовательно, является составной частью воспитания ответственности личности. Уголовная ответственность несовершеннолетних, совершивших преступления, наказания в современных условиях станут одним из необходимых звеньев борьбы с преступностью в сфере подрастающего поколения.*

***Ключевые слова:** наказания, ответственность, право, закон, Конституция, уголовный, ответственность, преступление.*

*This article analyzes the features of the criminal responsibility of minors. Features of crimes of minors are defined by their personal qualities, in connection with physical, psychological, ethical and legal orientation. A distinctive feature of juvenile delinquency is that it has a multifaceted and profound impact on public relations protected by criminal law. First, in determining the legal limit of criminal liability and punishment, the age peculiarities of children are taken into account. The number of socio-psychological aspects of criminal responsibility of minors suggests at what stage of their development they are able to bear this type of responsibility from the point of view of criminal legislation. From the psychological point of view, criminal liability reflects a certain level of physical consciousness, psychological maturation of the individual and, therefore, is an integral part of the education of responsibility of the individual. Criminal liability of minors who have committed crimes, punishments in modern conditions will become one of the necessary links in the fight against crime in the sphere of the younger generation.*

***Key words:** punishment, liability, right, law, Constitution, criminal, liability, crime.*

Жазык жоопкерчилигин юридикалык жоопкерчиликтин бир түрү болуп саналат жана ага таандык бардык белгилерге ээ болуп, ошол эле убакта өзүнүн өзгөчөлүктөрү бар:

- жазык жоопкерчилиги кылмыш жасагандык үчүн гана келип чыгат;

- мындай жоопкерчилик мамлекеттин атынан сот тарабынан жүктөлөт;

- ал, эреже катары, жаза же жазыктык-укуктук мүнөздөгү башка чараларды колдонуу менен коштолот.

Жазык жоопкерчилиги – бул адамдын жасаган кылмышы үчүн жазык укугунун ченемдерине ылайык жооп берүү милдети гана эмес, ошондой эле мамлекеттин айыпкерге карата мажбурлоо таасирин көрсөтүүнү колдонуу укугу болуп саналат. Жазык жоопкерчилиги мамлекеттин алдында белгилүү бир юридикалык милдет катары укук бузгандык үчүн укуктук жоопкерчиликтин башка түрлөрүнүн баарында ал жасалган учурдан тартып пайда болгондой эле кылмыш жасалган учурдан тартып пайда болот.

Жазык жоопкерчилигин иш жүзүнө ашыруу чынында эле жаза колдонуудан турат, бирок жазык жоопкерчилигинин бар экендиги аны иш жүзүнө ашыруудан бошотуу менен таанылышы толук ыктымал. Ошондуктан жазык жоопкерчилиги түшүнүгү иш жүзүндө жаза колдонуу менен төп келбейт [1,2].

Жазык жоопкерчилигин жаза менен теңештирүүгө болбойт. Бул түшүнүктөр бири-бирине жакын болсо да окшош эмес. Жазык жоопкерчилиги көп учурларда жаза дайындоо менен аяктайт. Жазык жоопкерчилиги жазанын өбөлгөсү болуп саналып, бирок ал жазаны дайындоосуз болушу мүмкүн, мисалы, жазасыз айыптоо өкүмү чыгарылган кезде.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин «Жашы жетпегендердин жазык жоопкерчилигинин өзгөчөлүктөрү» өзүнчө 14-главага бөлүп көрсөтүлүшү жашы жетпегендердин кылмыштуулугуна анын салыштырмалуу өз алдынчалыгын камсыз кылуучу бир катар өзүнө тиешелүү белгилери таандык болгондугу менен шартталат: туруктуулук, көп түрдүүлүк, топтук жана өнөкөт мүнөз, жалпы кылмыштуулук менен өзгөчө байланыш. Андан тышкары жашы жетпегендердин жазык жоопкерчилигинин көп өзгөчөлүктөрү бар, алар КРнын КЖКсынын Жалпы жана Өзгөчө бөлүктөрүнүн көп беренелеринде чагылдырылган. Бул өзгөчөлүктөр жашы жетпегендердин жазык жоопкерчилигинин курагына жана шарттарына, жазанын түрлөрүнө жана өлчөмдөрүнө, жазаны дайындоого, жазык жоопкерчилигинен жана жазадан бошотууга, жазадан шарттуу-мөөнөтүнөн мурда бошотууга жана жазанын кыйла жеңил түрүнө алмаштырууга ж.б. тиешелүү.

Баланын укуктары жөнүндө БУУнун конвенциясынын 1-беренесинде эгерде ал балага карата колдонулуучу мыйзам боюнча ал мурда эрезеге жетпесе, 18 жаш курагына жеткенге чейинки ар бир ымыркай бала деп саналары айтылган.

Ал эми КРнын КЖКсынын 77-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык кылмыш жасалган убакка карата он сегиз жашка чыга элек адамдар жашы жетпегендер деп таанылат. Алсак, КРнын жазык мыйзамдары менен жазык жоопкерчилигинин 2 курактык чеги - 14 жана 16 жаш аныкталган. Жашы жетпегендердин жазык жоопкерчилигин жогорулатуу максатында мыйзам чыгаруучу тарабынан кылмыш аракеттеринин дал ушул чөйрөсү тандалганын эмне менен түшүндүрсө болот? Бул кээде жогорку коомдук коркунучтун жана аталган жосундардын салыштырмалуу жайылгандыгы менен түшүндүрүлөт. Кыйла туура жооп, кыязы, мыйзам тарабынан жазык жоопкерчилигине 14 жаштан тартып алардын мүнөзү бул курактагы өспүрүмгө кылмыштардын коомдук коркунучун жана тыюу салынгандыгын аңдап-түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берген аракеттер үчүн гана жол берилгендигинде турат. Бул жосундардын айкын тизмеси жашы жетпегендердин кылмыштуулугу менен күрөшүүнүн көп жылдык тажрыйбасын эске алуу менен аныкталган. Мында юридикалык жана ага чектеш илимдердин тыянактары, атап айтканда, жалпы эреже боюнча 14 жашка карата адамдын психикалык, дене-бойлу көнүгүүсү ал өз жүрүм-турумунун кесепеттерин түшүнүүгө жана мыйзамда саналып өткөн жосундар жөнүндө сөз болгон кезде алар үчүн жооп берүүгө жөндөмдүү болгон деңгээлге жетерин ырастоочу психологиянын жана педагогиканын тыянактары эске алынган. Бирок бул 14-18 жаштагы өспүрүмдөр мындай жосундарды жасаган бардык учурларда иш жүзүндө жазык жоопкерчилигине тартылат дегендикти билдирбейт. Биздин маалыматтар боюнча жашы жетпеген соттолгондордун жалпы санында 14-18 жаштагы өспүрүмдөрдүн үлүшү 18%дан ашпайт. Мындай пайыздарга карабастан, 14-18 жаштагы жазык жоопкерчилигинен баш тартууга, биздин оюбузча, таптакыр болбойт, анткени бул адамдардын кылмыштарынын жайылуу деңгээлин, айрым кылмыштардын коомго коркунучунун чоңдугун, ошондой эле лардын жүйөсүнүн төмөндөө багытын да эске алуу керек.

КРнын КЖКсынын 18-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык жазык жоопкерчилигине кылмыш жасаганга чейин 16га толгон адам тартылат. 14 жаш курагындагы жашы жетпегендер КРнын КЖКсынын 18-беренесинин 2-бөлүгү менен белгиленген жана кылмыштын түрүн камтыган тизмедеги анча оор эмес, оор жана өзгөчө оор кылмыштардын айрым курамы үчүн жазык жоопкерчилигине 14 жаштан тартылууга жатат.

Жашы жетпегендин курагы жарандык абалдын актыларындагы, туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрдөгү жазуулар, паспорт же туулган датасын ырастоочу башка документ боюнча аныкталат. Жашын ырастай турган документтер жок болгондо соттук-медициналык экспертиза дайындалып, анын жүрүшүндө эксперттер тарабынананын болжолдуу эң төмөнкү же эң жогорку курагы аталышы же туулган так датасы

белгилениши мүмкүн. Соттук-медициналык экспертиза тарабынан жашы жетпеген айыпталуучунун курагын аныктоодо эксперттер атаган жылдын акыркы күнүн (31-декабрь) айыпталуучунун туулган күнү деп эсептөө, ал эми эң төмөнкү жана эң жогорку куракты аныктоодо андай адамдын экспертиза тарабынан болжолдонгон эң төмөнкү курагына негизденүү керек.

Эгерде эксперттер тарабынан жашы жетпегендин туулган жылыгана белгиленсе, анда сот тарабынан ошол жылдын акыркы күнү анын туулган күнү деп табылат.

Эгерде жашы жетпегендин туулган датасы так белгиленсе, анда адам туулган күндөн кийинки күн кылмыш жоопкерчилиги мүмкүн болгон куракка жетти деп табылат.

Адам өзү туулган күнү тиешелүү куракка жетти деп эсептелбейт, жазык жоопкерчилигинин курагы туулган күндөн кийинки сутканын 00 саатынан тартып эсептелет.

Жазык жоопкерчилигинин курагынын чеги жөнүндө айтуу менен анын өнүгүшүндөгү кыйла артта калуу кыйла кичүү курактагылардын ченемине ылайык келген 14 же 16 жашка жеткен жашы жетпегендин аракеттеринин коомдук коркунучун көз жаздымда калтырууга болбойт. Сөз психикалык оору менен байланышпаган, мисалы, жагымсыз үй- бүлөлүк жана турмуш-тиричилик тик шарттардын, кадимкидей мамилени болтурбаган узакка созулган оорунун айынан өсүүдөгү артта калуунун себеби боюнча курактык өнүгүүдөн артта калуу жөнүндө болуп жатат. Бул маселе мыйзамдык түрдө чечилген. Алсак, КРнын КЖКсынын 86-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык жашы жетпегендин курактык өнүгүүсүндө аны жасалган жосундун маанисин

Толук мерчемде аңдап-сезүү жөндөмүнөн ажыраткан олуттуу артта калуу болгондо, сот жазанын ордуна мажбурлоо чараларын колдонушу мүмкүн.

Жашы жетпегендер тарабынан жасалган кылмыштар жөнүндө иштерди кароодо сот жашы жетпегендинин саны жөнүндө маалыматтардыгана эмес, анын жашоо жана тарбия алуу шарттарын, кылмыштын жүйөлөрүн, кылмыш жасоого көмөктөшкөн себептер менен шарттарды да тактайт [3].

Жогоруда баяндалгандардан жашы жетпегенди кылмыш жоопкер чилигине тартуу процесси Баланын укуктары жөнүндө конвенция менен белгиленген эл аралык укуктун ченемдерин, ошондой эле гумандуулук менен адилеттүүлүктүн принциптерин сактоону камсыз кылуучу бүтүндөй бир катар өзгөчөлүктөргө ээ экендиги келип чыгат.

Жашы жетпегендиктин фактысы сотторду өспүрүмдөрдүн жалпы курактык өзгөчөлүктөрүн мүмкүн болушунча эске алууга жана жазанын көлөмүн кыскартууга жана аны педагогикалык мүнөздөгү чаралар менен компенсациялоого багыттайт. Жашы жетпегендерге карата жазык саясатынын гумандаштырылышы тарбиялык таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын колдонуу практикасынан көрүнөт. Жашы жетпегендердин жазык жоопкерчилигинин өзгөчөлүгү аларга карата жаза чараларын гана эмес, тарбиялык таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын колдонууда турат.

Жоопкерчиликти ишке ашыруу же жазык жоопкерчилигинен бошотуу жана тарбиялык таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын колдонуу (КЖКнын 83-бер.), же жазык жоопкерчилигине тартуу мүмкүнчүлүгү, бирок:

1) жазадан бошотуу жана тарбиялык таасир көрсөтүүчү мажбурлоо чараларын колдонуу менен (КЖКнын 85-бер. 1-б.);

2) жаза колдонуу менен (КЖКнын 78-бер.);

3) жазадан бошотуу жана күнөөлүүнү жашы жетпегендер үчүн атайын тарбиялык же дарылоо-тарбиялоо мекемесине жайгаштыруу менен (КЖКнын

85-бер. 2-б.) өздөрү жасаган кылмыш үчүн жашы жетпегендердин жоопкерчилигинин өзгөчөлүгү болуп саналат [4].

Тарбиялык таасир көрсөтүүчү мажбурлоо чаралары – бул коомдук чоң коркунуч келтирбеген кылмыш жасаган жашы жетпегенди түзөтүү мак- сатында иштелип чыккан атайын чаралар. К.К. Сперанскийдин пикири боюнча тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу материалдарды жашы жетпегендердин иштери боюнча комиссияга өткөрүп берүү менен жазык жоопкерчилигинен бошотууга көп окшош жактары болгондугуна карабастан, жазык укугунун өз алдынча институту болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын КЖКсынын 83-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөндөй тарбиялык таасир көрсөтүүнүн атайын чаралары катары төмөнкүлөр каралган:

1) эскертүү;

2) ата-энесинин же алардын ордун баскандардын, же болбосо жашы жетпегендердин иштери боюнча комиссиянын көзөмөлүнө берүү;

3) жашы жетпегендин бош убактысын чектөө жана жүрүм-турумуна карата өзгөчө талаптарды белгилөө.

Жашы жетпеген ал тарабынан кылмыш биринчи жолу жасалган жана эгерде тарбиялык таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын колдонуу жолу менен түзөтүүгө жетишүү мүмкүн деп табылган шарттарда жазык жоопкерчилигинен бошотулушу мүмкүн.

Тарбиялык таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын колдонуу кылмыштарды жасаган жашы жетпегендердин жазык жоопкерчилигине альтернатива болуп саналат. Жашы жетпегенге карата тарбиялык таасир көрсөтүүнүн бир нече чарасы бир эле убакта колдонулушу мүмкүн, мунун өзү тарбиялык натыйжаны гана күчөтөт [5,6].

Тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жашы жетпегендердин кылмыштуулугу менен күрөшүүдө белгилүү бир ролду ойноого чакырылат. Тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын сот тарабынан дайындоонун жол-жобосунун өзү анын жашы жетпегендердин иштери боюнча комиссия тарабынан колдонулушуна караганда башкача, кыйла тартипке чакыруучу мүнөз берет.

Мына ошентип, жашы жетпегендердин жазык жоопкерчилигинин өзгөчөлүгү мыйзам чыгаруучу тарабынан жалпыланган жана КРнын КЖКсынын өзүнчө главасына топтолгон, алар жашы жетпегендердин курагына жана жазык жоопкерчилигинин шарттарына, жазаны дайындоого, тарбиялык таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын колдонуу менен жазык жоопкерчилигинен бошотууга ж.б. тиешелүү, муну менен жашы жетпегендерге укуктук тарбия берүүнүн, алардын арасында кылмыштуулуктун алдын алуунун өзгөчө маанилүүлүгү баса белгиленет.

**Адабияттар:**


1. Миньковский Г.М., Тузов А.П. Профилактика правонарушений среди несовершеннолетних. - Киев, 1987. - 139-140-бб.
2. Уголовное право Республики Казахстан. Общая часть. Курс лекций под общей редакцией И.Ш. Борчашвили. - Алматы, 2006. - 555-б.
3. Уголовное право Республики Казахстан. Общая часть. Курс лекций под общей редакцией И.Ш. Борчашвили. - Алматы, 2006. - 556-б.
4. Конвенция о правах ребенка. / Сборник международных документов и национального законодательства Кыргызской Республики по защите прав несовершеннолетних, находящихся в конфликте с законом. - Бишкек, 2004. - 14-б.
5. Кыргыз Республикасынын 1998-жылдын 21-сентябрындагы № 124, 2002- жылдын 8-июлундагы № 115, 2003-жылдын 9-августундагы №193, 2007-жылдын 25-июнундагы № 91 мыйзамдарынын редакциясында.
6. Шимановский В.В. Процессуальные особенности расследования преступлений несовершеннолетних. - Волгоград, 1980. 14-б.155.
7. Сборник международных документов и национального законодательства Кыргызской Республики по защите прав несовершеннолетних, находящихся в конфликте с законом. - Бишкек, 2004. 14-б.
8. Сперанский К.К. Уголовно-правовая борьба с преступлениями несовершеннолетних и против несовершеннолетних. - Ростов-на-Дону, 1991. - 66-б.
9. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси. – Бишкек, 2010.
10. Кыргыз Республикасыны Кылмыш-Жаза Кодексине комментарий. - К.Ш. Курмановдун редакция астында. - Бишкек, 2003.
11. Джоробекова А.М. Жашы жетпегендердин кылмыштуулугу менен күрөшүү чараларын өркүндөтүүнүн проблемалары. - Бишкек, 2006.
12. Жашы жетпегендердин укуктарын коргоо, алардын көзөмөлсүздүгүнүн жана укук бузууларынын алдын алуу. Ченемдик документтердин жыйнагы. - Бишкек, 2004.
13. Сперанский К.К. Жашы жетпегендердин жана жашы жетпегендерге каршы кылмыштар менен жазыктык-укуктук күрөшүү. - Ростов-на-Дону, 1991.


**Рецензент: к.ю.н., доцент Татенова М.Б.**